**М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин**

**Гуманитардык- технологиялык колледжинин коомдук жана табигый бөлүмүнүн так илимдер предметтик-циклдик бирикмеси тарабынан уюштурулган Энелер күнүнө карата уюштурулган маданий иш-чаранын протоколу**

***16.05.2025 ж.*** ***Ош шаары***

**Төрага: Бердибаев К.М.**

**Катчы: Омошова А.А.**

**Катышкандар: 20 окутуучу**

**Иш чараны уюштуруучулары:** Так илимдер ПЦБнын окутуучулары

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. ПНК-2-24 тайпасынын студенттеринин Энелер күнүнө карата иш чаранын уюштурулушу
2. Иш-чаранын жыйынтыгы.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

**Угулду:**

1-маселе боюнча чогулуштун төрагасы К.Бердибаев төмөндөгүлөрдү айтып өттү: 2025-жылдын май айынын акыркы жумасында так илимдер ПЦБсы тарабынан уюштурулган Энелер күнүнө карата иш-чара өткөрүлдү. Бул иш-чарага ПНК-2-24 (9) тайпасынын студенттери тарабынан “Энелер – дүйнөнүн керемети!” аттуу чакан концерттик программа жана ата-энелер чогулушу болуп өттү.

Иш-чаранын максаты: студенттерге эненин үй-бүлөдөгү, коомдогу орду, түйшүгү тууралуу түшүнүк берүү менен энелерге болгон ыраазычылык сезимин ойготуу.

Иш-чарага гуманитардык-педагогика жана IT технологиялар бөлүмүнүнүн башчысы Г.А.Зикирова, ПЦБнын башчысы К.Бердибаев, окутуучулар, ата-энелер жана студенттер катышышты. Тайпанын куратору А.А.Омошова ата-энелерге студенттердин окуусуна жана жүрүм-турумуна, жетишкендиктерине байланыштуу маселелерди айтты.

Жарыш сөзгө М.Омошова чыгып, ооба иш-чара чындыгында жогорку деңгээлде өттү. Иш-чаранын максаты энелердин коомдогу ролун ачып берүү болгондуктан, максатына жетти деп эсептесек болот. Студенттер үчүн мындай иш-чаралар өткөрүлүп турулса, алардын ичинде катылып жаткан таланттарын ачууга маданий жактан өсүшүнө түрткү берет.

2-маселе боюнча Ч.Мамасадыкова: Иш-чаранын жыйынтыгында жүрүм-туруму үлгүлүү, активдүү окуган студенттердин ата-энелерине Ыраазылык берилди. Ата-энелердин атынан Абдураимова Дөөлөт эже да окуу жайга болгон ыраазычылык сөздөрүн айтып, мугалимдерге ыраазычылыгын билдирип иштерине ийгилик каалап өттү. Энелер күнүнө карата уюштурулган маданий иш-чара мыкты деңгээлде уюштурулган максатына жетти.

Токтом:

1. Жыйынтыгында жагымдуу маанай тартуулаганын, таасирдүү, кызыктуу, көңүлдүү өткөрдүгүн эске алуу менен мындай иш чаралар такай өткөрүлүп турулуусу ПЦБнын жалпы окутуучуларына жүктөлсүн.

Төрага: Бердибаев К.М.

Катчы: Омошова А.А.